**Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги**

**“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий билим берүү өндүрүштүк комплекси**

**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
ЖАМУнун окумуштуулар
кеңеши тарабынан
Протокол № 5 31 01 2025-ж.

**БЕКИТЕМ**
ЖАМУнун ректору, профессор
_____________ Усенов К.Ж.
31 01 2025ж.

# ЖАМУнун
# «Социологиялык изилдөө борбору» жөнүндө
# ЖОБО

Жалал-Абад – 2025

**ЖАМУнун "Социологиялык изилдөө борбору" жөнүндө ЖОБО**

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин социологиялык изилдөө борбору университеттин түзүмдүк бөлүмүнүн бири болуп эсептелет жана ЖАМУнун ректорунун буйругу менен түзүлүп, ага түз баш ийет. Борбор өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ЖАМУнун ректорунун буйруктарын жана ЖАМУнун ички эмгек тартибинин эрежелерин жетекчиликке алат. Борборду анын жетекчиси башкарат. Борбордун жетекчиси ЖАМУнун ректорунун буйругу менен кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат.

2. БОРБОРДУН НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ:

- Борбордун ишмердүүлүк багыты боюнча конференция, семинар, тегерек стол, тренинг жана башка иш-чараларды өткөрүү үчүн тажрыйба алмашууну уюштуруу;
- социология багытында адистешкен Жалал-Абад областындагы, Кыргызстандын башка региондорундагы жана чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайлары, илимий мекемелери, бирикмелери жана ишканалары менен кызматташууну ишке ашыруу;
- Кыргызстандагы жана чет өлкөдөгү мекемелер жана ишканалар менен социологиялык изилдөөлөрдү даярдоо жана жүргүзүү үчүн келишимдерди түзүү;
- социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө буйрутмаларды жана гранттарды алуу үчүн конкурстарга катышуу;
- социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы менен алынган маалыматтардын электрондук базасын түзүү.

3. БОРБОРДУН АТКАРГАН НЕГИЗГИ КЫЗМАТТАРЫ:

- конференцияларды, семинарларды жана тренингдерди өткөрүү;

## ЖАМУнун "Социологиялык изилдөө борбору" жөнүндө ЖОБО

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин социологиялык изилдөө борбору университеттин түзүмдүк бөлүмүнүн бири болуп эсептелет жана ЖАМУнун ректорунун буйругу менен түзүлүп, ага түз баш ийет. Борбор өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ЖАМУнун ректорунун буйруктарын жана ЖАМУнун ички эмгек тартибинин эрежелерин жетекчиликке алат. Борборду анын жетекчиси башкарат. Борбордун жетекчиси ЖАМУнун ректорунун буйругу менен кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат.

2. БОРБОРДУН НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ:

- Борбордун ишмердүүлүк багыты боюнча конференция, семинар, тегерек стол, тренинг жана башка иш-чараларды өткөрүү үчүн тажрыйба алмашууну уюштуруу;
- социология багытында адистешкен Жалал-Абад областындагы, Кыргызстандын башка региондорундагы жана чет өлкөлөрдөгү жогорку окуу жайлары, илимий мекемелери, бирикмелери жана ишканалары менен кызматташууну ишке ашыруу;
- Кыргызстандагы жана чет өлкөдөгү мекемелер жана ишканалар менен социологиялык изилдөөлөрдү даярдоо жана жүргүзүү үчүн келишимдерди түзүү;
- социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө буйрутмаларды жана гранттарды алуу үчүн конкурстарга катышуу;
- социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы менен алынган маалыматтардын электрондук базасын түзүү.

3. БОРБОРДУН АТКАРГАН НЕГИЗГИ КЫЗМАТТАРЫ:

- конференцияларды, семинарларды жана тренингдерди өткөрүү;

- изилдөөчү кызматы (социологиялык жана маркетинг боюнча изилдөөлөрдү даярдоо жана жүргүзүү);

- изилдөөнүн жүрүшүндө алынган маалыматтарды иштеп чыгуу жана анализ жүргүзүү;

- аналитикалык жана илимий отчётторду жазуу.

4. УКУГУ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ:

4.1. Борбордун кызматкерлеринин милдетине төмөнкүлөр кирет:

- социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү;

- коомчулуктун алдында университеттин абройлуу образын калыптандыруу, университеттин статусун региондогу илимдин, билимдин жана маданияттын борбору катары окуп үйрөнүү;

- региондо социологияны өнүктүрүү, теоретикалык деңгээлин, изилдөөнүн методологиялык ишенимдүүлүгүн, анын практикалык жыйынтыктарынын негиздүүлүгүн жогорулатуу жана ошондой эле региондо социалдык илимдин статусун жогорулатуу.

4.2. Борборго жүктөлгөн милдеттердин алкагында кызматкерлерге төмөнкү укуктар берилет:

- өзүнүн иштери үчүн зарыл болгон маалыматтарды борбордун жетекчисинен алуу укугу;

- өзүнүн ишмердүүлүгүнүн маселелери боюнча сунуштарды жетекчинин кароосуна жиберүү;

- борбордун иштерин талкуулоого катышуу укугу.

5. ЖООПКЕРЧИЛИК.

5.1. Борбордун ушул жободо каралган милдеттеринин өз убагында жана так аткарылышына Борбордун жетекчиси жооп берет.

5.2. Борбордун жетекчисине төмөнкүлөр үчүн жеке жоопкерчилик жүктөлөт:

- Борбордун ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча иштерди жана милдеттерди

аткаруу;

- Борбордо документтерди ыкчам жана сапаттуу уюштуруу, иш кагаздарын ушул жобого ылайык жүргүзүү;
- Борбордун кызматкерлеринин эмгек тартибин сакташына;
- Борборго бекитилип берилген буюмдардын сакталышын камсыздоого жана өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоого;

6. БОРБОРДУН ЖЕТЕКЧИЛИГИ ЖАНА АНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ . Борбор окуу жылына бекитилген штаттык расписаниеге ылайык түзүлөт. Борборду жетектөө анын жетекчиси тарабынан жүргүзүлөт. Социологиялык изилдөө борборунун Жобосун университеттин ректору бекитет.

7. ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР (КЫЗМАТТЫК БАЙЛАНЫШТАР).

7.1. Борбор өз ишмердүүлүгүн Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башка түзүмдүк бөлүмдөрү менен байланышта жүргүзөт.

7.2. Борбор баардык түзүмдүк бөлүмдөр менен изилдөө процесин техникалык жактан камсыздоо жана маалыматтык консультация маселелери боюнча кызматташат.

8. ИШТИ УЮШТУРУУ.

8.1. Жетекчинин орун басары болбойт.

8.2. Штаттык расписаниеге ылайык Борбордун ишин төмөнкүлөр аткарышат:

- Борбордун жетекчиси;
- Борбордун кызматкерлери.

8.3. Борбордун ишмердүүлүгүнө түз көзөмөлдү анын Жетекчиси жүргүзөт. Жалпы көзөмөлдү өздөрүнүн ишмердүүлүк багыты боюнча Университеттин жетекчилери жүргүзөт.

8.4. Борбор университеттин ректорунун буйругу менен түзүлөт жана жоюлат.

**ЖАМУнун социологиялык изилдөө борборунун тарыхы**

**Социологиялык изилдөө борбору** — социологиялык изилдөөлөргө адистештирилген иликтөөчү уюм. Анын тарыхы 1990-жылдардын аягында Философия жана гуманитардык илимдер кафедрасында ыктыярдуу ачылган социологиялык изилдөө борборунан башталат. Социологиялык изилдөө борборун түзүү демилгеси, философия илимдеринин доктору, профессор Ниязалиев Шайлообай Мамасалиевич тарабынан сунушталган. Анын жетекчилигинин алдында кафедранын окутуучулары университетте социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Социологиялык изилдөө борборунун идеяларын ишке ашырууга Г.С.Токоева. Р. К. Шамшиев., А.О. Шерматов., Г.Т. Токтогуловалар активдүү катышышты. Алардын баары тез өзгөрүп жаткан кыргыз коомунун талаптарына көңүл бурууга жөндөмдүү, ийкемдүү социологиялык изилдөө борборун түзүүнү колдошкон.

Социологиялык изилдөө борбору официалдуу түрдө Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 28-апрелиндеги чечиминин негизинде (№7 протокол) түзүлгөн. Социологиялык изилдөө борборунун негизги максаты болуп, социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү жана практикалык сунуштарды берүү эсептелет. Борбор тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөр изилдөө ишмердүүлүгүнүн кеңири багыттарын өзүнө камтыйт.

Социологиялык изилдөө борборунун багыттары:

- университеттин жетекчилигинин буйругу менен изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- сырткы уюмдардын тапшырмасы менен изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- изилдөөлөрдү уюштуруу, жүргүзүү боюнча консультациялык жардамдарды көргөзүү;
- изилдөө проекттерине маалымат-технологиялык жактан көмөк көрсөтүү.

Бүгүнкү күндө социологиялык изилдөө борбору – бул изилдөөчү жана

ресурстук борбор. Анын мүмкүнчүлүктөрүнөн студенттер, аспиранттар, жаш изилдөөчүлөр жана үчүнчү сектордун уюмдарынын өкүлдөрү пайдаланышат. Социологиялык изилдөө борбору университеттин актуалдуу проблемаларын жана социалдык процесстерди окуп үйрөнүүгө багытталган социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө адистешип жатат, ошондой эле коммерциялык, коммерциялык эмес уюмдарга социалдык-экономикалык проектерди иштеп чыгууга, экспертиза жүргүзүүгө, социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө жардам берет. Социологиялык изилдөө борборунда эки илимий кызматкер иштеп жатышат.

Социологиялык изилдөө борбору изилдөөлөрдү университеттин ичинде жана андан сырткары дагы жүргүзөт. Бизди университеттин иш жүргүзүүсү менен байланышкан: билим берүүнүн сапаты, абитуриенттердин, ата-энелердин, жумуш берүүчүлөрдүн көз карашындагы университеттин бедели, студенттердин жана окутуучулардын социалдык абалы сыяктуу актуалдуу социалдык маселелер жана ошондой эле азыркы коомдогу жана Кыргыз Республикасындагы чоң социалдык маанилүү маселелер кызыктырат.

Социологиялык изилдөө борбору анын мүчөлөрүнүн активдүү катышуусу жана ЖАМУнун ректору тех.и.д. профессор Усенов Кеңешбек Жумабековичтин колдоосу менен өнүгүп, көптөгөн изилдөөлөрдү жүргүзүп келүүдө. Бул изилдөө борборунда тажрыйбалуу сурамжылоочулар иштешет жана керектүү баардык техникалык каражаттар жана заманбап программалар менен камсыздалган. Социологиялык изилдөө борборунун мүчөлөрүнүн илимий потенциалы, кесипкөйлүгү, алардын алдына койгон максатка умтулуусу, региондо социологиялык изилдөө жүргүзүү чөйрөсүндө жетектөөчү ролго ээ болушуна шарт түзөт. Жыл сайын университетте ар түрдүү темадагы социологиялык изилдөөлөр жүргүзүлөт жана анын жыйынтыгында университеттин жетекчилигине социологиялык изилдөөнүн аналитикалык отчету берилет.

**ЖАМУнун социологиялык изилдөө борборунун жетекчиси:** Шерматов Абдыжапар Орунбаевич

| | |
|---|---|
| **Негизги маалымат** | ▪ Шерматов Абдыжапар Орунбаевич<br>▪ Ээлеген кызматы: Жетекчи<br>▪ Телефон: 0779454564<br>▪ Электрондук почта: afganes1964@mail.ru |
| **Жеке маалымат** | ▪ Туулган жылы, жери: 24.09.1964 ж.Ош областы Сузак р-ну Чаңгыр-Таш поселогу<br>▪ Жашаган жери: Жалал-Абад ш. Тарсус көчөсү 2-4<br>▪ Граждандуулугу: Кыргызстан<br>▪ Улуту: Кыргыз<br>▪ Үй-бүлөлүк абалы: үй-бүлөлүү |
| **Билими** | ▪ Жогорку<br>▪ ЖОЖ: Ош Мамлекеттик Педагогикалык Институту<br>▪ Факультет: Тарых<br>▪ Адистиги: Тарых, коом таануу жана советтик укук мугалими **Диплом ИВ № 353772 1991ж.** |
| **Кесиптик тажрыйбасы** | ▪ 1985-1986 «Кыргызнефть» Ө.Б. оператор<br>▪ 1986-1991 Ош Мамлекеттик Педагогикалык Институту<br>▪ 1991-1992 Ош Советтик соода техникуму, тарых мугалими<br>▪ 1992-1994 Жалал-Абад медициналык окуу жайы, тарых мугалими<br>▪ 1994-2024 ЖАМУнун «Философия жана гуманитардык илимдер» кафедрасында ага окутуучу |
| **Кошумча маалымат** | ▪ Армияда өтөгөн кызматы: 1982-1984 жж. Афганистанда Советтик аскерлердин чектелген контингентинде кызмат өтөгөн<br>▪ Айдоочулук күбөлүгү (категория): В,С. |
| **Тил билүүсү** | ▪ Кыргыз тили<br>▪ Орус тили (эркин) |
| **Кошумча билим алуусу** | ▪ Summer School 2000 программасы боюнча “Качественные методы в социологии” 2000 ж. 3-17- августта “Сорос-Кыргызстан” Фонду уюштурган окууга катыштым<br>- 2008-жылдын июнь айында, 2009-жылдын февраль айында АУЦАда уюштурулган “Методика преподавания курса “Граждановедение” деген темадагы семинарга катыштым. |
| **Жеке сапаттары** | ▪ Жоопкерчиликтүү<br>▪ Коллектив менен иштей алат<br>▪ Тырышчаак<br>▪ Пунктуалдуу |
| **Эмгек стажы** | ▪ Жалпы стажы - 41 жыл<br>▪ Пед. стажы-32 жыл<br>▪ ЖАМУдагы стажы-29 жыл<br>▪ Эмгек китепчеси **НТ-I № 0513209** 07.03.1985ж. |

**3. ЖАМУнун социологиялык изилдөө борборунун мүчөлөрү:**



Шерматов Абдыжапар
Орунбаевич
СИБ жетекчиси
E-mail: afganes1964@mail.ru



Кожоназарова Ырыскүл
Мырзалиевна
СИБ жетектөөчү адиси
y.kojonazarova@gmail.com

**Дареги:**
715600 Манас ш. Р. Азимоваов көч. 59. ЖАМУ, каб. 301.
E-mail: afganes1964@mail.ru